# №20 А. Калмурзаев атындагы орто мектеби
# Педагогикалык кеңешменин

## №4 Протоколу

Катышканы-34 18-январь 2020-ж
Себептүүсү-1

Күн тартибинде каралуучу маселелер.
1. Мектептин 5 жылдык өнүгүү планын талкуулоо жана бекитүү.
2.Билим берүү сапатын баалоонун ички системасы боюнча ЖОБОсун талкулоо жана бекитүү.
3. Өздүк иликтөө жүргүзүүнүн тартиби боюнча ЖОБОсун талкулоо жана бекитүү.

Угулду: 1-чи маселе боюнча мектептин директору А.Акматов мектеп командасы менен бирдикте түзүлгөн мектептин 5 жылдык өнүгүү планынын долбоору менен тааныштырып талкууга койду.

Мектептин өнүктүрүү планы мектеп тарабынан окуу процессинин жогорку сапатын жана бардык окуучулардын жетишкендиктерин камсыздоо максаттарын жана тапшырмаларын ошондой эле кадамдардын так сүрөттөлүшүн, катышуучулардын жоопкерчиликтеринин так бөлүштүрүлүшүн,реалдуу мөөнөттөрүү,жетишүү индикаторлору чагылдырылганын белгилеп толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен жактырылып бир добуштан мектептин 5 жылдык өнүгүү планы кабыл алынды.

2-чи маселе боюнча Мектептин өздүк (өзүн-өзүү) баалоосу көйгөйлөрдүү таап чыгуу жана аларды чечүүдөгү эффективдүү ыкмаларын аныктоо үчүн билим берүү сапатын баалоонун ички системасы боюнча Жобонун долбоору сунуш кылынды долбоор талкууга алынып толуктоолор өзгөртүүлөр менен жактырылып кабыл алынды.

3-чү маселе А.Калмурзаев атындагы орто мектебинин өздүк баалоо жүргүзүүнүн негизги нормаларын жана принциптерин аныктоочу өздүк иликтөө жүргүзүүнүн тартиби боюнча ЖОБОнун долбоору сунуш кылынды долбоор талкууга алынып толуктоолор өзгөртүүлөр менен жактырылып кабыл алынды.

Педагогикалык кеңешме күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып

Токтом кылат:

1. Мектептин 5жылдык өнүгүү стратегиялык планы толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен кабыл алынсын жана мектепте окуу-тарбия ишин жүргүзүүдө жетекчиликке алынсын.

2.Билим берүү сапатын баалоонун ички системасы боюнча ЖОБОсу кабыл алынсын жана мектептин өздүк (Өзүн- өзү) баалоосу Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

3. Өздүк иликтөө жүргүзүүнүн тартиби боюнча ЖОБО А.Калмурзаев атындагы орто мектебинин өздүк баалоо жүргүзүүнүн негизги нормаларын жана принциптерин аныктоочу иш кагазы болуп белгиленсин.

Пед кеңештин төрагасы: А.Акматов.

катчы: Ж.Кенеева.

Кабыл алынды
2020 жылдын 18-январындагы
Педкеңештин № 4 токтомунун
негизинде

Бекитемин:
Мектеп директору: А.Акматов
18-январь 2020-жыл

## Өзгөн районуна караштуу А. Калмурзаев атындагы №20 орто мектебинин ББсапатын баалоонун ички системасы боюнча ЖОБОсу

### 1. Жалпы жобо.

1.1 Жобо төмөнкү нормативдик документтердин негизинде иштелди:
1.2 Жобо мектептин ББсапатын ички баалоонун максатын, милдеттерин, принциптерин, уюштурууну жана ишке ашуусун аныктайт.

### 2. ББ сапатын баалоонун ички системасынын максаттары, милдеттери жана принциптери:

**2.1 ББ сапатынын баалоонун ички системасынын максаттары;**

* Мектепте ББ сапатына таасир берүүчү өзгөрүүлөрдү учурунда байкоо жана факторлорду аныктоону камсыздоо, ББ абалын контролдоо жана диогностикалоонун бирдиктүү системасын түзүү;

* Мектептеги ББ системасынын иштеши жана өнүгүүсү, анын денгээлине таасир этүүчү себептерди жана өзгөрүү тенденциялары боюнча обьктивдүү маалымат алуу;

* ББ сапаты боюнча окуу процессинин бардык катышуучуларына жана коомчулукка так достоверный маалымат берүү;

* ББ өнүктүрүү боюнча өз учурунда жана негизгүү чечимдерди кабыл алуу;

* Мектептин ББ системасынын өнүгүүсүн прогноздоо.

### 2.2 ББ сапатын баалоо системасын түзүүдөгү милдеттер;

- Мектептин иш аракетинин натыйжасын жана өнүгүү абалын өздүк баалоо жана изилдөө;

- ББ сапатына позитивдүү жана негативдүү таасир этүүчү факторлорду аныктоо;

- ББсапатынын критерийлерин бирдей түшүнүүнү жана аларды өлчөө мамилесин калыптандыруу;

- ББ сапатын баалоодогу тиешелүү бардык маселелерди мазмундуу, так сабаттуу баалоо үчүн мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун жолдорун табуу, ага жетишүү;

- ББ сапатын өздүк баалоо боюнча мектептин статистикалык жана ББ сапатынын мониторингдик базасын уюштуруу;

- ББ сапатынын баалоонун негизги максатын натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүүчү, өлчөнүүчү көрсөткүчтүн системасын калыптандыруу;

- ББ сапатынын баалоонун негизги максатын натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүүчү, өлчөнүүчү көрсөткүчтүн системасын калыптандыруу;

- ББпроцессин ишке ашырууда шарттардын мамлекеттик талаптарга дал келүү денгээлин аныктоо;

- Сапаттуу ББгө жетишүүгө камсыздоо;

- Окуучулардын билим алуудагы жетишкендигин жекече денгээлин баалоо;

- ББсапатын мониторингдик изилдөөсүнүн мамлекеттик жана социалдык стандарттарга дал келүү денгээлин аныктоо;

- Педагогдордун стимулдук төлөм боюнча рейтингин аныктоо жана бул маселеге так, обьективдүү чечимдерди чыгарууга жетишүү;

- Мектептеги ББ башкарууга коомчулуктун катышуусуна жетишүү;

## 2.3 ББ сапатын баалоодогу негизги принциптер:

* ББ сапаты боюнча маалыматтардын обьективдүүлүгү, негиздүүлүгү, далилдүүлүгү толук камтылышы, системдүүлүгү;

* Айрым окуучулардын окуусу, тарбияланышы, жекече өзгөчөлүгү, социалдык абалы ж. б. маселелер боюнча ББсапатына талаптардын жана нормаларын реалдуулугу;

* ББ сапатын баалоо процедурасынын ачыктыгы, айкындуулугу;

* Ар бир окутуучунун обьективдүү критерийлердин негизинде ишинин натыйжаларынын өздүк анализиндеги, өздүк баалоосундагы тактык;

* ББ сапатынын жана натыйжасынын көрсөткүчтөрүн аныктоодо биринчи маалыматтык булактарды оптималдуу пайдалануу;

* Маалыматтарды топтоодо, алардын өлчөөдө, анализдөөдө жана түшүнүүдө, талкулоодо туура кабыл алуу даярдыктын болушу;

* Мектепте ББ сапатын баалоо процедурасында моралдык – этикалык нормаларды сактоо.

## 3. ББ сапатын баалоону уюштурууда ички системасынын дасыктык структурасы:

3. 1 Уюштуруучу стуктура ички мектептик баалоону, ББсапатын эксперттөөнү, алынган натыйжаларды талкулоону жүргүзөт. Аларга мектеп администрациясы, педагогикалык кеңеш, мектептик усулдук кеңеш, предметтик мугалимдер, убактылуу структура болгон кичи педагогикалык кеңеш, комиссиялар ж.б киришет.

## 3.2 Мектеп администрациясынын милдеттери:

* Мектептин ББ сапатын ички баалоонун системасын локалдык жоболордун негизинде баалоонун мектеп директорунун буйругу менен уюштурат жана алардын аткарылышын контролдойт;

* Мектептин ББсапатын баалоонун өнүктүрүү боюнча иш чараларды иштеп чыгат, сунуштарды киргизет, баалоо иштерине катышат;

* ББ программаларынын негизинде мектепте ББ сапаты боюнча контролдук баалоо процедурасынын мониторингдик, социалдык, статистикалык изилдөөлөрдү ккамсыздайт;

* Мектептеги ББсапатын мониторингдөө системасын, маалыматтарды топтоо, иште чыгуу, сактоо, жалпы абал жана өнүгүү динамикасынын маалыматын уюшурат;

* ББ сапатын баалоо боюнча маалыматтарды изилдөөнү уюштурат;

* Мектеп кызматкерлеринин жана коомдук эксперттердин контролдук баалоону өткөрүү процедурасына мектепте шарт түзөт;

* ББ сапатын баалоонун жыйынтыктары боюнча райондук ББ бөлүмүнө отчет тапшырууну камсыздайт. ББ сапатын баалоонун жыйынтыктары боюнча маалыматтык – аналитикалык материал даярдайт .

* ББ сапатын баалоонун анализдик корутундусунун негизинде ББ сапатын өнүктүрүү боюнча жетектөөчү чечимдерди чыгарат.

## 3.3 Мектептин усулдук бирикмесинин мугалимдери:

* Билим берүү сапатын баалоонун усулун иштеп чыгууга катышат, мектепти өнүктүрүүнүн динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн системасын иштеп чыгууга катышат;

* Мектептин педагогдорунун ишмердүүлүгүнүн кесиптик жыйынтыктарын баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга;

* Коомдук эксперттерге жана кызматкерлерге контролдук – баалоо процедурасын жүргүзүү жана аларды даярдоого жардамдашат.

* Окуучулардын аттестациясынын жыйынтыгына, мазмунуна экспериза жүргүзөт жана жакшыртуу үчүн сунуштарын берет.

* Мектептин денгээлиндеги билим сапатынын жыйынтыгынын негизинде башкаруучулук чечим кабыл алуу боюнча мектеп администрациясына сунуштарды даярдайт.

## 3.4. Мектептин педагогикалык кеңеши:

* Мектептин ББ системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоого жардамдашат.

* Мектептин билим сапатын баалоо системасынын негизги пайдалануучуларынын маалыматтык талаптарын калыптандырууга катышат.

* Мектептин ББ системасынын өнүгүү динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү талкулоого катышат.

* Мектептин окуу процессиндеги билим сапатынын жыйынтыгын чыгаруу үчүн экспертиза жүргүзүүгө катышат, мектептин локалдык актыларынын негизинде аларга стимулдук төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө катышат.

* Мектеп кызматкерлеринин эмгектеринин сапатын жана натыйжалуулугун баалоого катышат.

* Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана алардын чыгармачылыгын өркүндөтүү иштерин уюштурууга жардам берет.

* Өсүп келе жаткан муундун окуу – тарбия маселеси боюнча педагогикалык кызматкерлердин отчетторун, маалыматтарын жана мектеп менен биргеликте иштеген уюмдар менен мекемелердин өк.лдөрүнүн докладдарын угушат.

* Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча чейрек аралык аттестациянын тизмесине кирүүчү окуу предметтери боюнча чечим кабыл алат.

## 4 ББ сапаттын ички баалоонун системасын ишке ашыруу.

### 4.1 Окуучулардын билим сапатынын жыйынтыгын ички баалоо процедурасынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Окуучулардын чейрек аралык аттестациясы.
- Билим берүүнүн минимум талабы, окуучулардын өздөштүргөндүгүн тестирлөө;
- Мектеп администрациясынын предметтер боюнча алынган кесинди маалыматтык иштери.
- Негизги предметтер болгон кыргыз тили жана математика сабагы боюнча окуу программасына ылайык алынган текшерүү иштери.
- 9,11- бүтүрүүчү класстардын мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы.
- Мектеп окуучуларынын предметтик олимпиада, конкурс жана мелдештерге катышуусу жана катышуунун жыйынтыктары.
- 1- класстардын мектепке даярдыгын жана өздөштүрүүсүн иликтеп байкоо жүргүзүү.
- 5-жана 10- класстардын билимин жана өздөштүрүүсүн иликтөө.

### 4.2 Билим берүү процессин уюштуруунун сапатын баалоо процедурасынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Лицензиялоо жана мамлекеттик аккредитациянын жыйынтыгы.
- Жылда жүргүзүлгөн өздүк баалоонун механизминин натыйжалуулугу.
- Программалык - маалыматтык камсыздоо, интернеттин болушу жана анын окуу процессинде пайдаланылышынын эффективдүүлүгү.
- Окуу кааналарынын заманбап жабдуулар менен, окуу каражаттары менен, анын ичинде техникалык жана эмекректер менен жабдылышы.
- Окуу жана методикалык адабияттар менен камсыз болушу.
- Эмгекти коргоо кызматынын мамлекеттик нормаларга ылайык текшерүүсү менен мектептеги коопсуздукту камсыздоонун дал келүүсү.
- Окуучулардын контингентин сактоо

- Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуннун жыйынтыгын анализдөө.
- Интерактивдүү сурамжылоо жана ата – энелерден же мыйзамдуу өкүлдөрдү анкетирлөө менен, мектептин ата- энелер, коомдук уюмдар .ч.н ар дайым ачыктыгын баалоо.

**4 .3 Тарбия иштеринин сапатын баалоо процедурасынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- Тарбия процессине педагогикалык кызматкерлердин жана ата – энелердин тартылуу денгээли.
- Тарбия иштерин жана класстан тышкаркы иштерди пландаштыруу сапаты.
- Окуучулардын талаптарына жана кызыгууларына шайкеш келген иш аракеттер мазмунун камтылышы.
- Тарбия процессине окуучулардын жана алардын ата- энелеринин канааттангандыгы.
- Окуучулардын тарбиялуулугун денгээлин иликтөө.
- Окуучулардын кылмыштуулук жана укук бузуучулуктарыннын сандык динамикасынын көрсөткүчү.

**4.4 Билим берүү сапатынын талабына ылайык педагогикалык кызматкерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн жана алардын ишмердүүлүгүн баалоо процедурасынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- Педагогдордун аттестациясы.
- Педагогикалык чеберчилигин жогорулатууга даярдыктарды жана мамилеси.
- Педагогикалык заманбап усулдарды жана технологияларды билиши жана пайдаланышы.
- Окуучулардын жетишкендиктери.
- ЖМАга эксперт катары, аттестациянын комиссия мүчөсү жана калыс катары катышуусу жана даярдануусу.
- Ар кандай денгээлдеги кесиптик конкурстарга катышуусу.

**4.5 Окуучулардын ден соолугун баалоо процедурасынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт**

- Медициналык каананын жабдылышы.
- Санитардык- эпидемиологиялык профилактикалык иш - чараларды өткөрүүнүн жана үзгүлтүксүздүгү.
- Окуучулардын, педагогикалык жана башка кызматкердин саламаттык абалын баалоо.
- Ден соолукту чыңдоо иштеринин эффективдүүлүгүн баалоо.
- Дене – тарбиялык ден – соолукту чыңдоо иштеринин абалын баалоо.
- Окуучулардын ден – соолугунун абалынын диагностикасы.
- Ден – соолук маданияты боюнча мектепте шарттардын түзүлүшүн, иштөө натыйжасын баалоо.

## 5. ББсапатынын баалоонун ички системасынын жыйынтыгы.

### 5.1 ББсапатын ички баалоо системасынын жыйынтыгы төмөнкү формадагы документтерден турат.

* Билим берүү сапатын ички баалоо боюнча аныктамасы.

* Бир окуу жылындагы коллективдин ишмердүүлүгүн анализдөө бөлүмү.

* Билим берүүнүн минмум талабынын аткарылышы боюнча отчеттор

* Мектеп директорунун жылдык докладдарынын пункттары, мазмуну.

* Өзүн –өзү анализдөөнүн жыйынтыгынын отчетторунун пунктары, мазмуну.

### 5.2 Билим берүү сапатынын жыйынтыгын ачык айкын жеткирүү төмөнкү маалыматтар аркылуу ишке ашырылат.

- ББсапатын ички баалоонун системасынын жыйынтыгы негизги керектөөлөр аркылуу.
- Массалык маалымат каражаттары катары мектеп директорунун жалпы доклады аркылуу.
- ББ сапатын баалоонун жыйынтыгын расмий сайтка жайгаштыруу менен жеткирүү.